Келдибекова Жибек Келдибековнанын **«70-80-жылдардагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаков)»** деген темадагы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин

**ПИКИРИ**

Изденүүчү Ж.Келдибекова өзүнүн диссертациялык ишинде 70-80-жылдардагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясын изилдөөгө алды. Кыргыз адабиятынын тарыхында бул мезгилди улуттук адабиятыбыздын өнүгүүсүндөгү башка этаптардан айырмалуу өзгөчөлүгү бар өзүнчө учур катары белгилөөгө болот. Бул мезгил тарыхтын саясий жана маданий жылнаамасында «дымуу» же «сенектик» доор деп белгиленип келет. Анткен менен 70-80- жылдар кыргыз адабиятынын бардык жанрлары, түрлөрү өнүгүүнүн бир топ бийик баскычына көтөрүлүп, жанрдык-стилдик жактан байып, жаңыча идеялык-эстетикалык изденүүлөр менен коштолгон учуру деп эч тартынбай эле айтууга болот. Хрущевдук жазгы баардан кийин келген брежневдик доордо мурдагы чыгармачылык эркиндик кайрадан жүгөндөлгөн менен турмушту көркөм чагылдырууда ракурс өзгөрүп, калемгерлер турмуш чындыгына мурдагыдай саясий-коомдук өңүттөн эмес, жеке инсандык түшүнүк, кызыкчылыктардын өңүтүнөн кароого умтулушкан. Улуттук адабиятыбыздагы бул адабий-эстетикалык жаңылануулар көркөм прозанын эң оперативдүү жанры болгон аңгеме жанрында өзгөчө ачык көрүнгөн. Ушундай жагдайларга карабастан белгиленген мезгил аралыгындагы кыргыз аңгеме жанры бүгүнкү күнгө чейин жетиштүү деңгээлде изилденбей келген. Изденүүчү Жибек Келдибекованын алган темасынын актуулдуулугун да, жаңычылдыгын да ушуну менен түшүнсөк болот.

Диссертациялык иште илимий изилдөөгө обьект катары алынган мезгил ар тараптуу изилденип, анын мурдагы мезгилдеги адабияттан, асыресе аңгеме жанрындагы чыгармалардан эмнеси менен айырмаланат, ага кандай коомдук-саясий, маданий адабий шарттар өбөлгө болгон деген суроого жооп изделген. Изденүүчү 70-80-жылдардагы аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясын изилдөө менен катар дал ушул учурда чыгармачылыгын баштап, ага өз салымдарын кошо алган аңгемечи жазуучулар Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б.Усубалиев, А.Матисаковдордун чыгармачылыгын изилдөөгө басым жасаган.

Диссетациялык иш салт болуп калгандай эле киришүү жана корутунду бөлүктөрдөн, үч баптан турат. Биринчи бапта аңгеме жанрынын тарыхы-

теориялык маселелери караштырылып, кыргыз аңгеме жанрына тиешелүү илимий изилдөөлөргө обзор берилген. Экинчи Үчүнчү баптарда негизинен жогоруда аталган жазуучулардын аңгемелери талданып, алардагы тематикалык-проблематикалык, сюжеттик-композициялык изденүүлөр, конфликт, мүнөз, стиль маселелери каралган. Зарылдыкка жараша мурдагы жана кийинки мезгилдеги жазуучулардын аңгемелери менен салыштырылып, тийиштүү жыйынтыктар чыгарылган.

Изденүүчү Ж.Келдибекова илимий ишти жазууда өздөштүрүлүүсү зарыл болгон илимий-теориялык, адабий фактылык материалдар менен жетиштүү деңгээлде таанышып, өздөштүрүп чыккан. Чыгарган илимий тыянактары далилдүү жана негиздүү деп айтууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, изденүүчү Жибек Келдибекованын «70-80-жылдардагы кыргыз аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы (Ж.Жапиев, К.Кушубеков, Б,Усубалиев, А,Матисаков)» деген темада жазылган диссертациялык ишин алдыга коюлган максат, милдеттеринин өтөөсүнө чыга аиган, диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берген иш катары жактоого сунуш кылам.

Илимий жетекчи: А.Кадырманбетова

ф.и.д., доцент